| | |
|---|---|
| **И. Арабаев атындагы КМУнун** | **БЕКИТЕМ** |
| **Окумуштуулар кеңешинде** | **И. Арабаев атындагы КМУнун** |
| **каралды** | **ректору Абдраева А.Т.** |
| **Протокол № 1** | ______________ |
| **«27» 05 2024-жыл** | **«30» 05 2024-жыл** |

# И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН КЫЗМАТ ОРУНДАРЫН ЭЭЛӨӨНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**БИШКЕК-2024**

## 1. Жалпы жоболор

1. И.Арабаев атындагы КМУнун (мындан ары - КМУ) профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби жөнүндө жобосу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары, Кыргыз Республиканын Министрлер Кабинетинин 05.02.2024-жылдагы токтому менен бекитилген ЖОЖдордун кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби жөнүндө жобонун негизинде иштелип чыккан жана КМУнун профессордук-окутуучулук кызмат ордун ээлеп туруунун тартибин жөнгө салат.

• И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (мындан ары - Университет) профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби;

• сынакты өткөрүү тартиби;

• педагогикалык кадрлардын кызмат орундарына талапкерлерге квалификациялык талаптар;

• конкурсту өткөрүүнүн тартиби.

Конкурсту өткөрүү максаты ЖОЖдун профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарына тиешелүү теориялык-кесиптик даярдыгы бар, дисциплиналарды теориялык жана методикалык жактан жогорку деңгээлде өтө ала турган, илимий-изилдөө иштерин жүргүзгөн адистерди тандоо болуп эсептелет. Конкурсту өткөрүү жарандардын квалификациялык, илимий-теориялык жана кесиптик даярдыгына жараша бош кызмат орунун ээлөөгө бирдей мүмкүндүктү алуу укугун камсыз кылат.

2. Университеттин профессордук-окутуучулук курамына төмөнкүлөр кирет: ассистенттер, окутуучулар, улук окутуучулар, доценттер, профессорлор, кафедра башчылары жана бул кызматты келишимдик жана конкурстук негизде белгиленген тартипте ээлеген декандар.

3. ЖОЖдун профессордук-окутуучу курамынын: профессорлордун, доценттердин, улук окутуучулардын, окутуучулардын жана ассистенттердин бош кызмат орундарына келишимдик-конкурстук негизде 5 жылдык мөөнөткө ээленет.

4. Соттуулугу бар же тизмеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган медициналык карама-каршы көрсөткүчтөрү бар адамдарга педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенүүгө жол берилбейт.

5. Исскусто жана дизайин факультетинде жана Дене тарбия жана спорт институтунда профессордун жана доценттин бош орундарын ээлөө үчүн төмөнкүлөргө уруксат берилиши мүмкүн:

а) Кыргыз Республикасынын, мурдагы СССРдин жана башка республикалардын ардак наамдары («эмгек сиңирген», «элдик», «спорт чебери»);

б) педагогикалык стажы: профессорго — 10 жыл, доцентке — 5 жыл;

в) басылып чыккан илимий эмгектери, окуу-методикалык куралдары бар, жогорку деңгээлдеги илимий-теориялык жана методикалык сабактарды бере алгадар.

6. Дене тарбия жана спорт институтунда профессордун жана доценттин бош орундарын ээлөө үчүн төмөнкүлөргө уруксат берилиши мүмкүн:

а) «Дене тарбияга эмгек сиңирген ишмер», «Эмгек сиңирген машыктыруучу», СССР спортунун чебери, Кыргыз Республикасынын спорт чебери деген ардактуу наамдарды;

б) педагогикалык стажы: профессордук наам үчүн — 10 жыл, доценттик наам үчүн — 5 жыл;

в) басылып чыккан илимий эмгектери, окуу-методикалык куралдары бар, жогорку деңгээлдеги илимий-теориялык жана методикалык сабактарды бере алгадар.

7. Профессордун бош кызмат ордуна жарыяланган конкурска профессор наамы же илимдин доктору даражасы бар тиешелүү квалификациядагы адистер катыша алат.

8. Доценттин бош кызмат ордуна жарыяланган конкурска доцент наамы бар же илимдин кандидаты даражасы бар тиешелүү квалификациядагы адистер катыша алат.

9. Улук окутуучунун бош кызмат ордуна жарыяланган конкурска илимдин кандидаты даражасы бар же жогорку билимдүү, ЖОЖдо 5 жылдан кем эмес илимий-педагогикалык тажрыйбасы бар тиешелүү квалификациядагы адистер катыша алат.

10. Окутуучунун, ассистенттин бош кызмат ордуна жарыяланган конкурска илимдин кандидаты даражасы бар же жогорку билимдүү, ЖОЖдо 1 жылдан кем эмес илимий-педагогикалык тажрыйбасы бар тиешелүү квалификациядагы адистер катыша алат.

11. Конкурсту өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык аныкталат.

12. КМУнун жетекчиси профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарына айрым категориядагы адамдар менен сынак өткөрбөстөн бир окуу жылынын мөөнөтүнө эмгек келишимин түзүүгө укуктуу. Бир окуу жылына эмгек келишими түзүлгөн адамдардын категорияларына төмөнкүлөр кирет:

- окутууну негизги иши менен айкалыштырууну каалаган, түздөн-түз өндүрүштө иштеген практик адистер;

- сааттык негизде иштеген мугалимдер;

- пенсия курагындагы мугалимдер;

- 3 жашка чейинки балдар үчүн декреттик өргүүдөн кийин мугалимдер.

13. Профессордук жамаат менен бир окуу жылына түзүлгөн келишим окуу жылынын аягында анын мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу токтотулат.

14. Кесиптик милдеттери талаптагыдай аткарылган шартта кафедранын башчысынын, факультеттин деканынын (курамдын башчысынын) сунушу боюнча жана адистин макулдугу менен ЖОЖдун жетекчиси келишимди жаны окуу жылына карата жаңырта алат.

## 2. ЖОЖдун профессордук-окутуучулук курамындагы бош кызмат орундарын ээлеп туруунун тартиби

1. Окуу жылынын аягында ЖОЖдун жетекчиси тарабынан жаңы келе турган окуу жылына төмөнкү бош кызмат орундарына кабыл алуу боюнча конкурс өткөрүүнүн графиги бекитилет: келаткан окуу жылында мөөнөтү бүткөн кафедра башчылары, профессорлор, доценттер, улук окутуучулар, окутуучулар, ассистенттер. Бул график жөнүндө маалымат тиешелүү түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилерине, ошондой эле жаңы мөөнөткө кайрадан шайлана турган адамдарга билдирилет.
2. Келаткан окуу жылында мөөнөтү бүткөн кафедра башчылары, профессорлорду, доценттерди, улук окутуучуларды, окутуучуларды, ассистенттерди кайра шайлоонун ЖОЖ бекиткен графигине ылайык конкурс жөнүндө жарыя жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.
3. ЖОЖдун штаттык расписаниесинде жарым же толук көлөмдөгү штаттык бирдик катары каралган бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жарыялоо жөнүндө чечимди ЖОЖдун жетекчиси кабыл алат.
4. ЖОЖдун профессордук-окутуучулук курамындагы бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жөнүндө жарыяда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:
- бош кызмат орундун толук аталышы;
- конкурстун катышуучуларына коюлуучу талаптар;
- конкурска катышуу үчүн керек болгон документтердин тизмеси;
- документтерди тапшыруу мөөнөтү;
- документ кабыл алган жер, дареги жана байланыш телефондору.

5. Документтерди тапшыруу мөөнөтү конкурс жөнүндө жарыя жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялангандан кийин бир айды түзөт.
6. Конкурска катышуу үчүн төмөндөгү документтер тапшырылат:
- ректордун наамына жазылган арыз;
- адистерди каттоо боюнча толтурулган баракча сүрөтү менен;
- резюме, мүнөздөмө, мурдагы иштеген жеринен жолдомо;
- белгиленген форма боюнча жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-методикалык куралдардын тизмеси;
- төмөнкү документтердин көчүрмөсү: билими, окумуштуулук наамы жана даражасы, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө, эмгек китепчесинин, сыйлыктарынын күбөлүктөрү жана башка документтердин

көчүрмөсү, алар нотариустан же иштеген жеринин кадрлар кызматы тарабынан күбөлөндүрүлүшү керек.

7. Бош кызмат орунун ээлөөгө берилген документтер тиешелүү кафедранын жыйынында (кафедранын кызматкерлеринин катышуусу менен) жарыя кылынган бош кызмат орундарына документ берген адамдардын катышуусу менен каралат.

8. Конкурска документ тапшырган талапкерлер кафедранын жыйынында кароого конкурс болгонго чейинки окуу, окуу-методикалык, илимий иштери боюнча жазуу жүзүндө отчетун сунуштайт.

9. Кафедранын жыйыны штаттагы иштеп жаткан окутуучулардын ачык көпчүлүк добуш берип сунуш кылуусу менен ар бири боюнча өзүнчө корутунду кабыл алат жана кафедранын отурумунан кийин үч жумушчу күндүн ичинде факультеттин же курамдык Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизилет. Факультеттин Окумуштуулар кеңешинин сунушу менен корутундусу үч күндүн ичинде кабыл алуу комиссиясына берилет.

10. Кафедра бириккен же бөлүнгөн учурда профессордук-окутуучулук курам боюнча мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүүгө тыюу салынат.

11. Сынакка берилген документтерди алдын ала талдоо жана окумуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштамаларды даярдоо үчүн университеттин жетекчиси бир окуу жылына конкурстук комиссияны түзөт. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы окуу иштери боюнча проректор болуп саналат. Кабыл алуу комиссиясынын курамына факультеттердин (структуралык окуу бөлүмдөрүнүн), окуу бөлүмүнүн жана кадрлар бөлүмүнүн (секретарь), ошондой эле профсоюздук жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирет.

12. Комиссиянын чечими ар бир талапкер боюнча кыскача жүйөлүү корутундуну камтыган протокол менен таризделет жана ага тандоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коет.

13. Штаттык профессордук-окутуучулук курамда мурда иштебей конкурска катыша ала турган адам эреже катары ЖОЖдо саатчы-окутуучу катары же штаттык айкалыштырып же сааттык акы төлөө шартында бир жыл иштеши керек

14. ЖОЖду, аспирантураны жана докторантураны ошол окуу жылында аяктаган адамдар профессордук-окутуучулук курамдагы кызмат орунуна конкурсу жок эле кабыл алынат. Үч жыл өткөндөн кийин көрсөтүлгөн кызматтарга ушул Жобого ылайык конкурс жүргүзүлөт.

## 3. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

1. Профессордук-окутуучулук курамдагы бош орундарды конкурстук ээлөө боюнча шайлоо КМУнун Окумуштуулар кеңешинде жашыруун добуш

берүүсү менен өткөрүлөт (окумуштуулар кеңешинин чечими менен ачык болушу мүмкүн).

2. Конкурска катышуучулардын аты-жөнү, илимий даражасы жана наамы, эмгек стажы, ээлеген кызматы көрсөтүлгөн тизмеси ЖОЖдо Окумуштуулар кеңеши болоордон 10 күн мурда илинет.

3. Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында ар бир кандидатура боюнча жашыруун добуш берердин алдында тиешелүү сунушу бар кафедранын чечими жана конкурстук комиссиянын жыйынтыгы угулат.

4. Профессордук-окутуучулук курамдагы бош орундарды ээлөө конкурсуна бардык катышкандардын аты-жөнү жашыруун добуш үчүн бир бюллетенге алфавиттик тартипте киргизилет.

5. Профессордук-окутуучулук курамдагы бош орундарды ээлөө конкурсуна катышкан адамдар Окумуштуулар кеңешинин жыйынына катыша алышат.

6. Окумуштуулар кеңеши добуш берүүнү өткөрүүдөн мурда курамында кеминде 3 мүчөдөн турган эсептөө комиссиясын шайлашат. Эсептөө комиссиясы ар бир талапкер боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын угузат.

7. Эсептөө комиссиясынын протоколу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен бекитилет жана конкурстун материалдарына негизделет.

8. Эгерде конкурсту өткөрүүдө Окумуштуулар кеңешинин курамынын үчтөн экиси катышса, анын чечими мыйзамдуу болуп саналат.

9. Жыйынга катышкан Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көп добушун алган талапкер шайланган болуп эсептелет.

10. Эки же андан ашык талапкер конкурска катышып, бирок алардын эч кимиси жарымдан көп добуш албаса, анда ушул эле Окумуштуулар кеңешинин жыйынында кайрадан добуш берүү жүргүзүлөт. Экинчи турдун бюллетенине биринчи турда көбүрөөк добуш алган эки талапкер киргизилет. Экинчи турда көпчүлүк добушка ээ болгон кандидат шайланган болуп эсептелет.

11. Конкурска арыз берилбеген учурда, конкурс болбой калат.

12. Конкурс өткөрүүнүн эрежелерине коюлган талаптарга жооп берген талапкер болбосо, ректор кайрадан конкурс өткөрүү боюнча чечим кабыл ала алат.

13. Конкурстун жыйынтыгы тууралуу чечим ректордун буйругу менен тастыкталат.

## 4. Профессордук-окутуучулук курам менен келишимди токтотуу үчүн негиздер

1. Мурда кызматын ээлеп туруп, конкурста кызматка шайланбай калган адамдар, ошондой эле конкурска катышууга арыз бербегендер шайлоо

мөөнөтү өткөнүнө байланыштуу ушул семестр бүткөндө ЖОЖдогу кызматынан бошотулат.

2. КМУ жетекчисинин демилгеси менен эмгек келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотууга төмөнкү учурларда жол берилет:

- окуу жылы аягында штаттардын кыскаруусу (окуу жүгүнүн кыскаруусу) окутуучуга кеминде 1 ай мурда колун койдуруу менен жумуштан кетирүү боюнча жеке эскертилет.

- окутуучунун ден соолугунун абалы ээлеген кызматына тоскоолдук болот (оруунун узактыгы тынымсыз 4 айга созулганда) деп медициналык мекеме тарабынан таанылганда;

- окутуучу келишимдин шарттарын бузганда (ЖОЖдун уставын сактабаганда, ички тартип эрежелерин бузганда, жумуштун жекече планын аткарбаганда, контракт менен шартталган ишти же окуу сабактарынын бекитилген расписаниесине ылайык ишти жүйөлүү себептер боюнча аткарууга мүмкүнчүлүгү жок экендигин администрацияга өз убагында билдирбесе);

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде каралган башка негиздерде.

3. Ректорго КМУнун Окумуштуулар кеңешине профессордук-окутуучулук курамдын ээлеген кызматына ылайык келбеген маселеси алып чечим чыгуу укугу берилет.

4. Педагогикалык кызматкердин ээлеген кызматына ылайык келүүсү жөнүндө маселени КМУнун Окумуштуулар кеңешинде чечээрде анын ишин ректор тарабынан бекитилген комиссия текшериши керек.

5. Педагогикалык кызматкердин лекцияны окуусу, практикалык жана семинардык сабактары канааттандырарлык эмес болгон учурда, илимий, методикалык жана тарбиялык иштерин төмөнкү деңгээлде жүргүзсө, Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ал жумуштан бошотулат.

6. Жат жүрүм-турумунун айынан андан ары иштөөсү мүмкүн болбогон профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү мекеменин кесиптик уюмунун же эмгек жамаатынын кеңешинин макулдугу боюнча ректордун буйругу менен кызматынан бошотулат.

## 5. Эмгек келишиминин мазмуну

1. Профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү жана КМУ жетекчилиги менен түзүлгөн эмгек келишиминде профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрүнүн кызматы, кафедранын аталышы, келишимге кол койгон тараптар, эмгек келишиминин түрү, иштин режими жана эмгек акыны төлөөнүн шарттары көрсөтүлөт.

2. Окутуучунун милдеттери: жеке пландын, КМУнун Уставынын, ички тартиптин талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу, келишимде каралган

иштерди аткарууга жүйөлүү себептер менен мүмкүн эместиги жөнүндө администрацияга өз убагында билдирүү.

3. Окутуучунун укуктары: окутуунун каражаттарын жана методдорун, студенттерди даярдоонун сапатына коюлуучу талаптарды тандоо, ЖОЖдо белгиленген тартипте маалымат булактарын, лабораторияларды, жабдууларды пайдалануу.

Администрациянын милдеттери: келишимде белгиленген шарттарды түзүү, окуу процессиндеги өзгөрүүлөр тууралуу өз убагында маалымдоо, эмгек шарттарын камсыз кылуу жана коопсуздугун сактоо.

**Окуу иштери боюнча проректор** **Зайниев Р.А.**

**Илим жана**
**инновация боюнча проректор** **Чалданбаева А.К.**

**Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана**
**спорт боюнча проректор** **Садыкбек к. Ж.**

**Административдик чарбалык**
**иштер боюнча проректор** **Исаев Б.М.**